**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**СУЗАК РАЙОНУ**
**КЫЗЫЛ-ТУУ**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**
**КЫЗЫЛ-ТУУЙСКИЙ**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

---

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги
жыйырма экинчи сессиясы

# ТОКТОМ

**Мундуз айылы** **№ 22-4** **12-июнь 2026-жыл**

**Жашасын-2 айылынын ички көчөсүнө ысым ыйгаруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө мыйзамынын 34, 39-беренелерин, Кыргыз Республикасынын “Географиялык аталыштар жөнүндө” мыйзамын негиздеп, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 1-июнундагы чыгыш № 01-23/1218 сандуу катынын негизинде Жашасын-2 айылынын ички көчөсүнө “Биримдик” атын ыйгаруу жөнүндөгү Кызыл-Туу айылдык кеңешинин укук, мыйзамдуулук, регламент жана этика маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 10-июнундагы № 15 протоколун угуп жана талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин XXII сессиясы токтом кылат:

1. Жашасын-2 айылындагы ички көчөсүнө “Биримдик” аты ыйгарылсын.
2. Мындан ары жогорудагы белгиленген көчө “Биримдик” көчөсү деп аталсын.
3. Көчөгө Кыргыз Республикасынын шаар жана айыл жергелеринин өнүгүү процесстеринин талабына ылайык символикасы белгиленсин.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин укук, мыйзамдуулук, регламент жана этика маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.
5. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине каттоого жиберилсин.

**Төрага** **А.Р. Алимов**